**УДК.: 377.5**

## ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРАКТИКАДА ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮДӨ МУГАЛИМДИН ПЕДАГОГИКАЛЫК КОНЦЕПЦИЯЛАРЫ

**Токтоналиев Бакыт Соотбекович (0000-0002-2775-8474),**
**Маратов Адилет Маратович (0009-0001-8396-132X),**
**Наматбеков Рустам Сагынбекович (0009-0007-7030-923X)**

*Кыргыз улуттук агрардык университети, Бишкек, Кыргызстан*

**Аннотация***: Биз жашап жаткан коомдо билим берүү тармагы социалдык, өндүрүштүк жана рыноктук кайра түзүүлөрдүн контекстинде өнүгүп жатат. Кесиптик орто билим берүү улам барган сайын бир топ маанилүү коомдук шарттардын өсүп өнүгүшүнүн негизинде болочок кесипке үйрөтүүнүн, өстүрүүнүн олуттуу бөлүгү болуп келүүдө. 21-кылымдын орто кесиптик билим берүүнүн мугалими коомдун социалдык-экономикалык шарттарында динамикалык өзгөрүүлөргө туруктуу болуусу зарыл. Андыктан орто кесиптик билим берүүнүн сапатын жогорулатуу негизинде педагогикалык концепциялар келип чыгууда. Кыргыз Республикасында билим берүүнү жана тарбиялоону 2021-2030-жылдарга карата өнүктүрүүнүн бул концепциясы КРнын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамында билим берүүнүн сапаттарын калыптануусунун максатын көздөйт. Ошондуктан педагогикалык практикада орто кесиптик инсандарды даярдоодо: кесиптик компетенттүүлүктү, коммуникативдүүлүктүү, өз алдынчалыкты, руханий жана маданий чыгармачылыкты окуу процессинде ишке ашыруу керек.*

**Өзөктүү сөздөр***: педагог, орто кесиптик билим берүү, методика, ишмердүүлүк, педагогикалык практика, концеция, сапат.*

## ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ КОНЦЕПЦИИ УЧИТЕЛЯ СРЕДНЕГО ПРОФЕССИОНАЛЬНОГО ОБРАЗОВАНИЯ В ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ ПРАКТИКЕ

**Токтоналиев Бакыт Соотбекович (0000-0002-2775-8474),**
**Маратов Адилет Маратович (0009-0001-8396-132X),**
**Наматбеков Рустам Сагынбекович (0009-0007-7030-923X)**

*Кыргызский национальный аграрный университет, Бишкек, Кыргызстан*

**Аннотация***: В обществе, в котором мы живем, сфера образования развивается в условиях социальных, производственных и рыночных преобразований. Среднее профессиональное образование все больше становится значимой частью обучения и развития будущей профессии на основе роста и развития более важных социальных условий. Преподавателю среднего профессионального образования XXI века необходимо быть устойчивым к динамическим изменениям социально-экономических условий общества. Поэтому возникают педагогические концепции на основе повышения качества среднего профессионального образования. Данная Концепция развития образования и воспитания в Кыргызской Республике на 2021-2030 годы направлена на формирование качеств образования в Законе Кыргызской Республики «Об образовании». Поэтому при подготовке специалистов среднего звена в педагогической практике: профессиональная компетентность, коммуникативный, независимость. Духовное и культурное творчество должно*

*быть реализовано в процессе обучения.*

**Ключевые слова***: педагог, среднее профессиональное образование, методика, деятельность, педагогическая практика, концепция, качество.*

## PEDAGOGICAL CONCEPTS OF SECONDARY VOCATIONAL EDUCATION TEACHERS IN PEDAGOGICAL PRACTICE

**Toktonaliev Bakyt Sootbekovich (0000-0002-2775-8474),**
**Maratov Adilet Maratovich (0009-0001-8396132X),**
**Namatbekov Rustam Sagynbekovich (0009-0007-7030-923X)**

*Kyrgyz National Agrarian University, Bishkek, Kyrgyzstan*

**Abstract***: In the society in which we live, the education sector is developing in conditions of social, industrial and market transformations. Secondary vocational education is increasingly becoming a significant part of the training and development of a future profession based on the growth and development of more important social conditions. A teacher of secondary vocational education of the 21st century needs to be resistant to dynamic changes in the socio-economic conditions of society. Therefore, pedagogical concepts arise based on improving the quality of secondary vocational education. This Concept for the development of education and upbringing in the Kyrgyz Republic for 2021-2030 is aimed at developing the quality of education in the Law of the Kyrgyz Republic "On Education". Therefore, when training mid-level specialists in teaching practice: professional competence; communicative; independence; Spiritual and cultural creativity must be realized in the learning process.*

**Keywords***: teacher, secondary vocational education, methodology, activities, teaching practice, concept, quality.*

### 1. Киришүү

Биздин университетте «Педагогикалык практикада орто кесиптик билим берүүдө мугалимдин педагогикалык концепцияларын» иштеп чыгууда негизги билим берүү программасынын алкагында педагогикалык практиканын программалары иштелип чыккан. Бул программа Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына, «Жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын студенттеринин практикасын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобого» ылайык иштелип чыккан. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-майындагы № 346 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси 2004-жылдын 8-майындагы № 106.

Окуу жайларда педагогикалык практиканын программасы окуу процессинин звеносу болуп саналат, анын максаты магистранттардын педагогикалык концепциясынын ар кандай түрлөрүн практикалык өздөштүрүү болуп эсептелет, бул аларга магистранттардын теориялык даярдыгын практикалык ишмердүүлүк менен ырааттуу жана белгилүү бир системада айкалыштырууга мүмкүндүк берет.

### 2. Изилдөөнүн материалдары жана методдору

Педагогикалык жана маалыматтык технологияларды изилдөө боюнча теориялык сабактарда алынган билимдерди тереңдетүү жана толуктоо; негизги эксплуатациялык тууралоолорду жана тейлөө операцияларын жүргүзүү боюнча тажрыйба топтоо; маалыматтык технологияларды башкаруу боюнча кеңири




көндүмдөргө ээ болуу. Окуучулардын маданий, руханий жана коомдук иш-чаралардын аткарылышына, инновациялык технологиялардын колдонулушуна, интерактивдүү методдор менен сабак берүүгө болгон мамилелерине байкоо жүргүзүү. Методдорду ишке ашырууда аудио - видео материалдар, көрсөтмө куралдар, программалар, тиркемелер колдонулат. Андан сырткары иш менен окууну айкалыштыруу максатында аралаш форматта окуу программасы үчүн окуу методикалык материалдар, окуу пландары иштелип жатат.

**3. Изилдөө натыйжалары**

Компетенттүүлүк негизде болочок адистерди сапаттуу даярдоо, билим берүүнү заманбап денгээлинде жүргүзүү, кесиптик компетенцияларга байланышкан көйгөйлөрдү иликтөө, ишке даярдоо боюнча практикалык көндүмдөрдү үйрөнүү, аудиторияларды сабакка даярдоо иштерин активдүү жүргүзүү. Педагогикалык практикада орто кесиптик билим берүүнүн мугалимдеринин концепцияларын ишке ашыруу бир топ кыйынчылыктарды жаратты.

GIZ «Борбордук Азияда кесиптик билим берүү» программасынын алкагында ICON долбоору боюнча К.И. Скрябин атындагы «Колдонмо механика, физика жана инженердик педагогика» кафедрасында 2022-жылдын 10-майында Берлин техникалык университетинин профессору Франц Хорлахердин катышуусунда «Онлайн окутууну мисалга алуу менен уюштуруу» деген темада конок лекциясы дагы өткөрүлдү. Биздин студенттер көптөгөн маалыматтарды билишти.

Педагогикалык практика учурунда орто кесиптик билим берүүнүн мугалимдери студенттер менен уюштуруучулук жана тарбиялык иштердин планын ишке ашыруусу, өзүн-өзү талдоо методдорун өздөштүрүүсү, ар тармактагы адистердин дисциплиналары боюнча өз алдынча сабактарды даярдоо, ошондой эле тажрыйба учурунда аткарылган иш-аракеттердин, алынган билимдердин жана көндүмдөрдүн сыпаттамасын, иштеги кыйынчылыктарды талдоону, ийгиликке жана кемчиликтерге баа берүүнү камтыган иш аракеттерин өткөрүүсү менен педагогго тиешелүү компетенцияларга ээ болушат.

**4. Талкулоо**

Педагогикалык практиканын

жүрүшүндө кесиптик билим берүү мугалиминин педагогикалык концепцияларынын теориялык негиздерин жана өзгөчөлүктөрүн калыптандырылышы, педагогикалык шарттарын иштеп чыгуу, аныкталган педагогикалык шарттардын натыйжалуугунун негизинде ишке ашырат. Түрдүү предметтерди окуп үйрөнүү процессиндеги окуучулардын өзгөчөлүктөрүнанализдөөнүөздөштүрүшөт. Кесиптик билим берүүдө коомчулук жана билим берүү мекемелери менен бирге тарбия процессинде продуктивдүү карым катнаш түзө алат. Педагогикалык концепциялардын негизинде методикалык иштерди бекемдешет.

### 5. Корутундулар

КРнын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына ылайык ар бир окуу жайдын өзүндө педагогикалык концепциялардын жоболору макулдашылган. Негизги программага ылайык педагогикаклык практиканын программалары иштелип чыккан. Кесиптик окутуу багыты боюнча билим алган мугалимдер педагогикалык практиканы орто кесиптик билим берүү колледждеринде, кесиптик лицейлерде өтүп келишет.

GIZ «Борбордук Азияда кесиптик билим берүү» программасынын негизинде аралаш форматтагы окуу магистранттар үчүн абдан ыңгайлуу. Азыркы талаптарга ылайык студентке багытталган практикаларды уюштурса болот. Программанын негизинде мугалимдин педагогикалык концепцияларын практика учурунда аткарылган иш-аракеттериндин, алынган билимдердин жана көндүмдөрдүн сүрөттөлүшүн, иштеги кыйынчылыктарды талдоону, ийгиликке жана кемчиликтерге баа берүүнү ишке ашырышат. Андан тышкары педагогикалык практиканын жетекчиси астында окутуунун жана контролдоонун интерактивдүү методдорун, жалпы милдетти чечүүгө багытталган биргелешкен иш аракеттерин, ар түрдүү тармактардагы билимдерди, маалыматтык жана өнүктүрүү технологияларын колдонууну толук кандуу үйрөнүшөт.

### 6. Шилтемелер:


1. VAK.kg (URL:https://vak.kg/wp-content/uploads/2023/05/Dissertaciya-Asanalieva-Ch.N.-redaktirovanie-1.pdf)
2. BASE.OSHCU.kg (URL:https://base.oshsu.kg/resurs/document/PDF-20190506164834-jusonuulu.pdf)
3. KAK.EDU.kg (URL:https://kak.edu.kg/wp-content/uploads/sites/599/2023/05/do_merged_merged_merged.pdf)
4. EDU.GOV.kg (URL:https://edu.gov.kg/media/files/3ae0adc0-2c9b-4014-9ee5-af90ce612959.pdf)
5. ARABAEV.kg